# КРЕДИТТЕР

*(2013-жылдын январь-март айлары үчүн)*

1-график. Иштеп жатышкан коммерциялык банктардын бир мезгилдин акырына кредиттик карыздарынын динамикасы




2013-жылдын 1-чейрегинде сом түрүндө сыяктуу эле, валюта түрүндө да карыз алышуулар боюнча пайыздык чендердин төмөндөшүнүн алкагында, банктар кредит портфелин көбөйтүүнү улантышкан. Мында, соодага кредиттөө көлөмүн жогорулатуу, мурдагыдай эле банктардын чогуу алгандагы кредит портфелинин өсүшүнүн кыйла маанилүү факторунан болгон.

Ушуну менен бирге эле, кароого алынган мезгил ичинде банк тутумунун кредит портфелинин сапаты жагында мүнөздөмөлөрүнүн бир аз начарлоосу байкалган. Алсак, кароого алынган жылдын 1-чейрегинде мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын салыштырма салмагы кредит портфелинин жалпы көлөмүндө 0,5 пайыздык пунктка, 3,8 пайызга чейин өскөн. Мындан тышкары, пролонгацияланган кредиттердин үлүшү 3,9 пайыздан 3,7 пайызга төмөндөсө да, мындай кредиттердин көлөмүнүн сандык көрсөткүчү өзгөрүүсүз калган.

Өтүп жаткан жыл ичинде “Айыл чарбаны каржылоо” мамлекеттик долбоору жүзөгө ашырыла баштаган, анын максаты –жазгы-талаа иштеринин өз убагында ишке ашырылышы жана мал чарбачылыгын, кайра иштетүү секторун андан ары өнүктүрүү үчүн республиканын айыл чарба өндүрүүчүлөрүнө мамлекеттик көмөк көрсөтүү эле. Долбоордун шарттары боюнча Өкмөт, коммерциялык банктарды жана адистештирилген финансы-кредит мекемелерин жеңилдетилген кредиттерди республикалык бюджет каражаттарынын эсебинен жылдык 10 пайыз чен боюнча жайгаштыруу үчүн субсидиялайт. 1-чейректе сунушталган субсидиялардын жалпы көлөмү, долбоордун алкагында бюджеттик каражаттарда каралган 400 млн. сомдун ичинен 180,6 млн. сомун түзгөн. Натыйжада, март айынын акырына долбоор боюнча жалпы кредиттик карыз чогуу алгандагы банктык кредит портфель көлөмүнүн 1,1 млрд. сомун же 2,7 пайызын түзгөн.

Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредит портфелинин көлөмү жыл башынан бери 6,1 пайызга көбөйүү менен 2013-жылдын 1-чейрегинин акырына 42,5 млрд. сом чегинде катталган (алмашуу курсун өзгөртүүгө карата корректировкаларды эске алуу менен кредит портфели 5,4 пайызга өскөн).

**1-таблица. Иштеп жаткан коммерциялык банктардын кредиттеринин динамикасы**

| Мезгили | Бир мезгилдин акырына кредиттер боюнча карыз | | | | | Бир мезгилдин ичинде берилген кредиттер | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы болуп (миң сом) | Улуттук валютада | | Чет өлкө валютасында | | Бардыгы болуп (миң сом) | Улуттук валютада | | Чет өлкө валютасында | |
| | | көлөмү (миң сом) | чен (%) | көлөмү (миң сом) | чен (%) | | көлөмү (миң сом) | чен (%) | көлөмү (миң сом) | чен (%) |
| 2012-жылдын январь айы | 30 942 511,4 | 13 586 019,1 | 22,5 | 17 356 492,3 | 17,8 | 2 054 683,8 | 851 089,1 | 25,2 | 1 203 594,7 | 20,8 |
| Февраль | 31 499 133,4 | 13 867 997,2 | 22,2 | 17 631 136,2 | 17,7 | 3 055 247,4 | 1 475 618,3 | 20,3 | 1 579 629,1 | 20,3 |
| Март | 32 685 679,9 | 14 392 792,1 | 21,9 | 18 292 887,8 | 17,6 | 3 371 354,3 | 1 614 651,8 | 20,8 | 1 756 702,5 | 20,4 |
| **2012-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча** | **32 685 679,9** | **14 392 792,1** | **21,9** | **18 292 887,8** | **17,6** | **8 481 285,5** | **3 941 359,2** | **22,1** | **4 539 926,3** | **20,5** |
| 2013-жылдын январь айы | 40 138 512,4 | 18 156 081,1 | 23,0 | 21 982 431,3 | 17,2 | 2 887 593,3 | 1 095 375,6 | 24,3 | 1 792 217,7 | 20,1 |
| Февраль | 41 024 653,2 | 18 661 062,3 | 22,7 | 22 363 590,9 | 17,3 | 4 441 078,4 | 2 013 448,8 | 20,6 | 2 427 629,6 | 19,2 |
| Март | 42 538 638,5 | 19 659 130,6 | 22,2 | 22 879 507,9 | 17,3 | 4 672 812,2 | 2 523 706,8 | 19,6 | 2 149 105,4 | 20,6 |
| **2013-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча** | **42 538 638,5** | **19 659 130,6** | **22,2** | **22 879 507,9** | **17,3** | **12 001 483,9** | **5 632 531,2** | **21,5** | **6 368 952,7** | **20,0** |
| Бир мезгил ичинде өзгөрүү | 9 852 958,6 | 5 266 338,5 | 0,3 | 4 586 620,1 | -0,4 | 3 520 198,4 | 1 691 172,0 | -0,6 | 1 829 026,4 | -0,5 |
| Өсүш арымы | 30,1% | 36,6% | | 25,1% | | 41,5% | 42,9% | | 40,3% | |

Мында кредит портфелинин сом түрүндөгү бөлүгү 19,7 млрд. сом өлчөмүндө түптөлүү менен 5,9 пайызга көбөйгөн эле. Март айынын акырына чет өлкө валютасында берилген кредиттердин көлөмү жыл башындагы тиешелүү көрсөткүчтөн 6,2 пайызга жогорулоо менен 22,9 млрд. сом эквивалентин түзгөн (АКШ долларын бекемдөөнү эске алуу менен көбөйүү 4,9 пайыз чегинде катталган).

2013-жылдын үч айы ичинде банктардын улуттук валютада берилген кредиттери боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чени 22,2 пайызга чейин, 0,8 пайыздык пунктка төмөндөгөн, ал эми чет өлкө валютасында чен 17,3 пайыз өлчөмүндө сакталуу менен өзгөрүүсүз калган.

**2-таблица. Коммерциялык банктардын кредит портфелинин 2013-жылдын 1-чейреги ичинде тармактар жана мөөнөттүүлүк категориялары боюнча өзгөрүүлөрү**

*миң сом*

| | Жыйынтыгында | анын ичинде | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 0-1 ай | 1-3 ай | 3-6 ай | 6-12 ай | 1-3 жыл | 3 жылдан жогору | Мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыз |
| **Жалпы өзгөрүү** | ***2 433 263,2*** | ***235 399,2*** | ***-465 932,3*** | ***168 154,6*** | ***-114 937,0*** | ***1 523 408,8*** | ***785 841,1*** | ***301 328,8*** |
| ***анын ичинде валюталар боюнча:*** | | | | | | | | |
| улутук валютада | 1 101 239,2 | 19 909,3 | -358 261,8 | -123 264,9 | 318 679,7 | 948 413,0 | 53 697,0 | 242 066,9 |
| чет өлкө валютасында | 1 332 024,0 | 215 489,9 | -107 670,5 | 291 419,5 | -433 616,7 | 574 995,8 | 732 144,1 | 59 261,9 |
| ***анын ичинде тармактар боюнча*** | | | | | | | | |
| Өнөр жай | 469 750,8 | -1 971,3 | 28 934,4 | 269 668,7 | -149 477,4 | 100 381,7 | 211 184,7 | 11 030,0 |
| Айыл чарба | 920 514,1 | -23 866,4 | -173 265,7 | -71 373,9 | 499 333,0 | 655 141,1 | -3 570,2 | 38 116,2 |
| Транспорт | 74 200,1 | 492,4 | -2 254,8 | -571,5 | 1 705,6 | 49 338,7 | 13 968,6 | 11 521,1 |
| Байланыш | -20 240,4 | 0,0 | 0,0 | 28 088,2 | -45 031,7 | -1 370,0 | -1 926,9 | 0,0 |
| Соода | 753 119,5 | 164 012,9 | -207 297,9 | -147 062,1 | -137 201,3 | 568 789,0 | 325 570,4 | 186 308,5 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 3 366,4 | 51,4 | -608,6 | 2 606,9 | 1 695,8 | -213,1 | -472,7 | 306,7 |
| Курулуш | 108 903,5 | -29 834,2 | 47 095,2 | 24 908,6 | -83 226,4 | 64 569,4 | 76 675,5 | 8 715,4 |
| Ипотека | 168 449,6 | 36,5 | -3 700,8 | -883,3 | 1 087,8 | 30 536,7 | 125 647,1 | 15 725,6 |
| Керектөө кредити | -90 514,8 | 20 109,9 | -46 067,3 | -34 574,7 | -8 777,3 | -76 247,9 | 40 199,6 | 14 842,9 |
| Социалдык кызматтар | 60 524,5 | -373,9 | 14 579,7 | -28 332,2 | 38 732,5 | -6 050,2 | 30 811,2 | 11 157,4 |
| Башкалар | -14 810,1 | 106 741,9 | -123 346,5 | 125 679,9 | -233 777,6 | 138 533,4 | -32 246,2 | 3 605,0 |

Кароого алынган мезгилдин акырына тармактар боюнча алып караганда банктардын кредит портфели төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн. 2013-жылдын январь-март айлары ичинде кредит портфелинин көпчүлүк бөлүгүн ээлеген соодага берилген кредиттердин көлөмү 0,5 пайыздык пунктка (39,4 пайызга чейин) төмөндөгөн. Мындан тышкары, ипотекага кредиттердин салыштырма салмагы да 9,6 пайызга 9,5 пайызга чейин, курулушка – 5,5 пайыздан 5,4 пайызга чейин жана керектөө максаттарына - 9,4 пайыздан 8,7 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошону менен бирге эле айыл чарба кредиттер үлүшүнүн 1,3 пайыздык пунктка, 16,4 пайызга чейин өсүшү, ал эми өндүрүшкө кредиттердин салыштырма салмагы жалпы көлөмүндө 0,8 пайыздык пунктка, 6,4 пайызга чейин өсүшү катталган. Транспорт, байланыш, даярдоо жана кайра иштетүү, ошондой эле социалдык кызматтар чөйрөсүнө кредиттер мурдагыдай эле бир аз гана үлүштү – болжолу менен 4,4 пайызды түзгөн эле. "Башка" кредиттердин салыштырма салмагы чейрек ичинде 10,3 пайыздан 9,7 пайызга чейин азайган.

Өз кезегинде, көпчүлүк банктардын портфели айрым тармактарга көп концентрацияланган. Алсак, банктардын кредит портфелинин тармактарга концентрацияланышын көрсөткөн индекс 0,44 түзгөн, бул көпчүлүк

**2-график. Коммерциялык банктар тарабынан бир мезгил ичинде берилген кредиттердин динамикасы**



банктардын кредиттери эки тармак ортосунда бөлүштүрүлгөндүгүн көрсөтүп турат. Мындан тышкары, кредиттердин ар бир тармакка концентрацияланышы да жогору болгон: 10 тармактын ичинен алтоосунда индекс мааниси 0,18ден жогору болгон, мында бул тармактардагы банктардын саны аз экендиги көрүнүп турат.

Кредиттөө рыногунун жалпы концентрацияланышынын көрсөткүчү өткөн чейректегиге караганда жүз пайыздык пунктка, 0,09га чейин төмөндөгөн, бул рынокту 11 банк ортосунда бөлүштүрүүгө эквиваленттүү.

Банктардын кредит портфелинин убактылуу түзүмүндө 1 айдан 3 айга чейинки мөөнөткө берилген, ошондой эле төлөө мөөнөтү 6 айдан 1 жылга чейинки кредиттер көлөмүнүн азайуусу белгиленген. Ошентип, кыска мөөнөттүү кредиттердин (бир жылга чейинки) чогуу алгандагы салыштырмалуу салмактын 22,8 пайыздан 21,1 пайызга чейин төмөндөөсүнө, ошондой эле мөөнөтүндө төлөнбөгөн карыздын бир аз өсүшүнө байланыштуу, узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 73,9 пайыздан 75,1 пайызга чейин өскөн. Кредит портфелинин убактылуу түзүмүнүн мындай корректировкалануусу өз кезегинде, дюрация көрсөткүчүнүн 27,6 айдан 27,9 айга чейин өсүшүнө алып келген.

**3-график. Берилген кредиттердин тармактык түзүмү**




**4-график. Улуттук валютада жаңыдан берилген кредитердин түзүмү**




**5-график. Чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредитердин түзүмү**




2013-жылдын 1-чейрегинде жаңыдан берилген кредиттердин көлөмү 12,0 млрд. сомду түзгөн, бул 2012-жылдын тиешелүү мезгилинде берилген суммадан 41,5 пайызга көбүрөөк. Улуттук валютада кредиттер 42,9 пайызга, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер – 40,3 пайызга

көбөйгөн.

Улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган пайыздык чен өткөн жылдагы көрсөткүчкө салыштырганда 21,5 пайызды түзүү менен 0,6 пайыздык пунктка, ал эми чет өлкө валютасындагы кредиттер боюнча – 20,0 пайызга чейин, 0,5 пайыздык пунктка төмөндөгөн.

**3-таблица. Коммерциялык банктардын кредиттер агымынын 2013-жылдын 1-чейреги ичинде тармактар жана мөөнөттүүлүк категориялары боюнча өзгөрүүлөрү**

*миң сом*

| | Жыйынтыгында | анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **0-1 ай** | **1-3 ай** | **3-6 ай** | **6-12 ай** | **1-3 жыл** | **3 жылдан жогору** |
| **Жалпы өзгөрүү** | ***3 520 198,4*** | ***884 737,6*** | ***-4 333,5*** | ***244 259,8*** | ***-235 266,6*** | ***1 801 744,7*** | ***829 056,4*** |
| ***анын ичинде валюталар боюнча:*** | | | | | | | |
| улутук валютада | 1 691 172,0 | 70 483,5 | -981,0 | -41 907,4 | 23 171,9 | 1 638 107,6 | 2 297,4 |
| чет өлкө валютасында | 1 829 026,4 | 814 254,1 | -3 352,5 | 286 167,2 | -258 438,5 | 163 637,1 | 826 759,0 |
| ***анын ичинде тармактар боюнча*** | | | | | | | |
| Өнөр жай | 423 291,6 | 3 000,0 | 6 601,5 | 205 933,5 | -50 315,5 | 54 405,1 | 203 667,0 |
| Айыл чарба | 804 580,3 | 0,0 | -1 491,5 | 4 653,7 | 70 366,3 | 829 915,6 | -98 863,8 |
| Транспорт | 162 198,9 | 0,0 | 0,0 | 715,7 | 9 630,0 | 131 952,0 | 19 901,2 |
| Байланыш | -15 127,0 | 0,0 | 0,0 | 0,0 | -30,0 | -1 150,0 | -13 947,0 |
| Соода | 1 536 753,2 | 726 699,0 | -270 632,4 | 29 958,2 | -23 461,4 | 557 714,9 | 516 474,9 |
| Даярдоо жана кайра иштетүү | 7 253,4 | 0,0 | 0,0 | 100,0 | 10 580,0 | 2 030,0 | -5 456,6 |
| Курулуш | 141 061,8 | 0,0 | 0,0 | 3 312,0 | -36 162,9 | 122 678,9 | 51 233,8 |
| Ипотека | 251 025,1 | 0,0 | 33 527,9 | 651,0 | 4 108,2 | 100 676,2 | 112 061,8 |
| Керектөө кредити | -49 311,8 | 45 157,2 | -5 243,4 | -14 724,9 | -117 570,1 | -32 464,4 | 75 533,8 |
| Социалдык кызматтар | 66 322,0 | 0,0 | -1 125,9 | 640,0 | 3 030,0 | 70 225,5 | -6 447,6 |
| Башкалар | 192 150,9 | 109 881,4 | 234 030,3 | 13 020,6 | -105 441,2 | -34 239,1 | -25 101,1 |

Кредиттердин негизги көлөмүн бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө берилген кредиттер түзүп, натыйжада жаңыдан берилген кредиттердин убактылуу түзүмүндөгү узак мөөнөттүү кредиттердин үлүшү 2,2 пайыздык пунктка, 69,4 пайызга чейин өскөн. Ушуну менен катар эле, кыска мөөнөттүү кредиттер түзүмүндө 0-1 айга чейин берилген кредиттердин үлүшү кыйла көбөйүп, 5,2 пайыздык пункт чегинде калыптанган. Натыйжада жаңыдан берилген кредиттер дюрациясынын көрсөткүчү 23,7 айдан 23,6 айга чейин төмөндөгөн.

Соода берилген кредиттердин көлөмү 37,1 пайызга көбөйгөн – бул тармак мурдагыдай эле, жаңыдан берилген кредиттер түзүмүндө кыйла маанилүү болуп саналат (47,3 пайыз). Кароого алынган мезгил аралыгында айыл чарбаны кредиттөөнүн көбөйгөндүгү белгиленип (56,0 пайыз), ал эми бул кредиттердин үлүшү 1,7 пайыздык пунктка, 18,7 пайызга чейин жогорулаган. Ипотекалык кредиттердин

**6-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча улуттук валютада жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**




**7-график. Мөөнөттүүлүк категориясы боюнча чет өлкө валютасында жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин орточо деңгээли**



көлөмү 80,2 пайызга өсүп, бул алардын үлүшүнүн 1,0 пайыздык пунктка, 4,7 пайызга чейин өсүшүнө алып келген. Ушуну менен бирге эле, берилген керектөө кредиттеринин 5,3 пайызга төмөндөшү белгиленген, мында алардын үлүшү 11,1 пайыздан 7,4 пайызга чейин азайган. Өнөр жайга, транспортко, байланышка, даярдоо жана кайра иштетүүгө, курулушка жана социалдык кызматтарга кредиттердин салыштырма салмагы 12,9 пайыз чегинде түптөлгөн. "Башка" кредиттердин үлүшү 1,5 пайыздык пунктка азайуу менен 9,0 пайыз чегинде калыптанган.

Тармактар боюнча улуттук валютада сыяктуу эле, чет өлкө валютасында да жаңыдан берилген кредиттер боюнча пайыздык чендердин өзгөрүүсү ар тараптуу түптөлгөндүгү байкалган. Улуттук валютадагы кредиттер боюнча чендердин төмөндөшү транспорт, байланыш, соода жана керектөө кредиттери сыяктуу тармактарда байкалган. Мында, эң төмөн чен боюнча улуттук валютадагы кредиттер айыл чарбасына (орточо алганда бир мезгил ичинде 19,2 пайыз), ал эми эң жогорку чен боюнча – байланышка (31,0 пайыз) берилген.

Чет өлкө валютасында чендер соода менен курулуштан башка бардык тармактарда төмөндөгөн (кароого алынган мезгил ичинде байланыш жана даярдоо, кайра иштетүү тармактарына кредит берилген эмес, ал эми социалдык кызматтарга кредиттер боюнча орточо салмактанып алынган чен өзгөрүүсүз калган). Чет өлкө валютасында бир аз жогору чен боюнча кредиттер соодага (орточо алганда 23,1 пайызга), ал эми эң төмөн чен боюнча өнөр жай секторуна (орточо алганда бир мезгил ичинде 13,2 пайыз) берилген.

Улуттук валютадагы кредиттер боюнча реалдуу чендин орточо мааниси 2013-жылдын 1-чейрегинде өткөн жылдын ушул эле мезгилиндеги 21,1 пайызга карама каршы 20,1 пайыз чегинде түптөлгөн.